**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Сокулук районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө отчету**

**Аудит объекттери**

Аудит объектилери болуп – Чүй областынын Сокулук райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сокулук финансы башкармалыгы, Сокулук районунун Өнүктүрүү фонду, Сокулук районунун өз алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлерибоюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Сокулук райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сокулук финансы башкармалыгында, Шопоков шаарынын мэриясында, Сокулук районунун Өнүктүрүү фондунда, Сокулук районунун **19** өз алдынча башкаруу органдарында жана **20** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудитке берилген бухгалтердик документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн документтерди берген кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2022-жылга Сокулук районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган:

- финансылык бузуулар **– 23 132,7 миң сомго;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **20 468,9 миң сомго;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **16 432,3 миң сом;**
- коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык бузуулар - **3 330,4 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 17 334,4 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 9 656,7 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген 7 677,7 миң сом калган, анын ичинде:

- Жаңы-Жер айыл өкмөтү – 66,6 миң сом (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү);
- “Таза айыл таза суу” МИ– 25,9 миң сом (кармалбай калган киреше салыгы жана камсыздандыруу төгүмдөрү);
- З. Кайназарова атындагы айыл өкмөтү – 38,5 миң сом (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү);
- Кызыл-Туу айыл өкмөтү – 130,7 миң сом (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү);
- “Кызыл-Туу” МИ – 420,1 миң сом кармалбай калган киреше салыгы жана камсыздандыруу төгүмдөрү);
- Новопавловка айыл өкмөтү – 2 350,5 миң сом (мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу- 1 672,3 миң сом; материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларын кошкондо, акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 678,2 миң сом);
- Орок айыл өкмөтү – 73,2 миң сом (КММ ченемден ашып кетүүсү);
- Первомай айыл өкмөтү – 130,2 миң сом (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү);
- Сокулук айыл өкмөтү – 4 295,9 миң сом (жетпей калуу – 692,8 миң сом; материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларын кошкондо, акча

каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 2 655,7 миң сом; курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 249,3 миң сом; эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 698,1 миң сом);

- “Сокулук Таза-Суу” МИ – 140,2 миң сом (материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларын кошкондо, акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу).

**2023-жылга Сокулук районунун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү.**

2023-жылы райондун өнөр-жай ишканалары тарабынан 15 млрд 397 млн 311,4 миң сом суммасындагы өнөр жай продукциясы өндүрүлгөн, 2022-жылдын 12 айына салыштырмалуу өсүү темпи 99,5 % түзсө, физикалык көлөмдүн индекси – 93,8 % түзөт.

2023-жылдын 12-айында менчиктин бардык түрүндөгү курулуш уюмдары тарабынан 2 млрд 305 млн 96 миң сомго курулуш иштери аткарылып, 2022-жылга салыштырмалуу 21,2 % көп.

2023-жылдын 12-айында автоунаа менен жүк ташуунун көлөмү 1670,1 миң тоннаны же былтыркы жылга карата 100 % түзгөн.

2023-жылы кылкандуу дан эгиндери 54102 га аянтка себилген, 2022-жылга салыштырмалуу 52 га ашык.

2023-жылы жыйналган кылкандуу дан эгиндеринин аянты 54102 га, түшүмдүүлүгү 1 гектардан 17,7 ц/га дүң жыйымы – 95370,2 тоннаны түзгөн.

Стратегиялык багыттагы кант кызылчасы – 2381 га айдалып, 100% жыйналып түшүмдүүлүгү маалыматка ылайык – 662,2 ц/га түзүүдө дүң жыйымы – 157675 тоннаны түздү, 2022-жылга салыштырмалуу дүң жыйымы 37402 тоннага көп алынган.

2023-жылы жергиликтүү бюджеттин эсебинен 18 млн 75 миң сом каржыланып 7 жаңы суу мунарасын салынган, жана эскилиги жеткен суу түтүктөрү алмаштырылган.

Демөөрчүлөр тарабынан Сокулук районунун айыл аймактарына 80 млн 819 миң сом 38,1 км суу түтүктөрүү жаңыланган, 6 жаңы суу мунарасын салынып, эскилиги жеткен суу мунаралары оңдотулган.

2023-2024 окуу жылына карата билим берүү мекемелеринин оңдоп-түзөө иштерине республикалык, жергиликтүү бюджеттердин эсебинен, жана демөөрчүлөрдүн жардамы менен жумшалган финансылык каражаттардын суммасы 66 527,8 миң сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-январына карата ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпул алуучулардын саны 4515 адамды түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу 230 адамга көбөйгөн. 2023-жылдын 1-январына карата ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпул алуучулардын саны 4285 адамды түзгөн, жана 2023-жылы 26 891,7 мин сом каржыланган.

2024-жылдын 1-январына карата «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун алуучулардын саны 171 үй-бүлөнү, же 639 баланы түзгөн, 2023-жылдын 1-январына салыштырмалуу 641 үй-бүлөгө жана 2276 балага азайган (2023-жылдын 1-январына карата 812 үй-бүлө же 2915 баланы түзгөн). 2023-жылдын ичинде 817 668,0 мин сомго каржыланган.

Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн кирешеси жакырчылыктын чегине чейинкилер -1992 үй-бүлө болгон (2022-жылы - 2140 үй-бүлө), социалдык паспорту бар үй-бүлөлөр Сокулук району боюнча жалпы үй-бүлөлөрдүн санынын 4,4 пайызын түзөт.

Сокулук районунда мүмкүнчүлүгү чектелген 6182 адам катталган, анын ичинен 18 жашка чейин балдар -1439 адам.

**2023-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы**

Сокулук районунун 2023-жылдын 12-айында салык жана салыктан тышкары төлөмдөрдүн мамлекеттик бюджетке түшүүсү такталган план-божомол 1 млрд. 955 млн. 969,2 миң сомго бекитилсе, иш жүзүндө 2 млрд. 105 млн. 290 миң сом түшкөн, же план 107,6 % аткарылган. Башкача айтканда, 2022-жылдын 12 айына салыштырмалуу 834 млн 733,3 миң сомго көп салык чогултулган, жана өсүү темпи 165,6 % түзгөн.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү план боюнча 1 201 833,8 миң сомго божомолдонсо, иш жүзүндө 1 201 939,8 миң сом камсыздалып, божомол 100 % аткарылган.

Башкача айтканда, киреше бөлүгү 106,0 миң сомго көп чогултулган, өсүү темпи 219 % түзгөн.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн атайын каржаттары менен эсептелген кирешеси план боюнча 754 029,4 миң сом каралса, иш жүзүндө 903 350,2 миң сом түшүп, план 119,8 % аткарылган, же ашыкча 149 320,8 миң сом түшкөн, 2022-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 124,7 % түзгөн.

2023-жылдын 12-айынын жыйынтыгы боюнча Сокулук районунун 7 айыл өкмөтү дотацияда турат.

Сокулук районунун 2023-жылдын 12 айында камсыздандыруу төлөмдөр боюнча план 1 504 735,4 миң сом болсо, иш жүзүндө 1 513 183,5 миң сом түшкөн, же 100,6 % аткарылган, башкача айтканда, 8 448,1 миң сомго көп чогултулган.

Сокулук районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин алкагында: Сокулук райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сокулук финансы башкармалыгы, Сокулук районунун Өнүктүрүү фонду, Шопоков шаарынын мэриясы, 19 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, 20 муниципалдык ишканалар камтылган.

Учурдагы аудиттерде, Чүй областынын Сокулук районунда жүргүзүлгөн аудиттерде **90 345,2 миң сом** финансылык бузуулар аныкталган, анын ичинен:

**110105** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 10 913,6 миң сом;

**210301** Бюджетке мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү тескөөдөн, мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудан алынган каражаттарды, ошондой эле акы төлөнүүчү мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелерди которбоо (өз убагында же толук эмес которуу) – 313,0 миң сом;

**210302** Бюджеттин кирешесине мажбурлап өндүрүлүүчү суммалардын (айып пулдары, конфискацияларды ж. б.), ошондой эле тиешелүү бюджеттин кирешесине каражаттарды калыбына келтирүүдөн (ордун толтуруудан) алынган суммаларды которбоо (өз убагында эмес же толук эмес которуу) – 1632,0 миң сом;

**210303** Мамлекеттик (муниципалдык) ишканалардын таза пайдасынын бөлүгүн бюджетке чегербөө( өз убагында эмес же толук эмес которуу) – 35,1 миң сом;

**210305** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) – 955,7 миң сом;

**230101** Бюджеттик смета менен каралбаган чыгымдарды төлөө боюнча бюджеттик каражаттарды пайдалануу – 1733,6 миң сом;

**230102** Башка булактардын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлө турган чыгымдарды төлөө боюнча бюджеттик каражаттарды пайдалануу – 1499,0 миң сом;

**230106** Бөлүү шарттары менен каралбаган максаттарга резервдик фонддун каражаттарын пайдалануу – 82,5 миң сом;

**230207** Курулуш-монтаждоо иштеринин наркын же көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 627,2 миң сом;

**230305** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашык чыгымдар – 1458,3 миң сом;

**230306** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 4145,3 миң сом;

**310104** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын эскиришин жана материалдык эмес активдерди эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте эсепке алынбаган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн болушу – 2878,1 миң сом;

**310105** Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн жана мамлекеттик акча каражаттарынын кем чыгышы (бузулушу, жоголушу, уурдалышы) –2,0 миң сом;

**410205** Эмгек акыны, командировкалык чыгымдарды, жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана башка төлөмдөр менен байланышкан бузуулар – 9525,8 миң сом;

**410206** Ченемдик-укуктук актылар жана келишимдер (контракттар) менен каралган, ошондой эле кезектеги мезгилдин эсебинен белгиленген өлчөмдөн ашык авансалык төлөмдөрдү чегерүү – 19664,0 миң сом;

**410215** Дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар - 8928,4 миң сом;

**410301** Эсеп жүргүзүү тартибинин жана отчеттуулуктун башка бузуулары–1767,8 миң сом;

**510103** Мыйзамдардын талаптарына ылайык, конкурс өткөрүлбөстөн, сатып алуулар (товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү) – 24183,8 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын иши, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Сокулук райондук мамлекеттик администрациясы**

2023-жылга Сокулук районунун мамлекеттик администрациясынын аппаратын каржылоого чыгымдар сметасы 24 266,7 миң сомго бекитилген, 2023-жылдын ичинде 23 286,7 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 23214,7 миң сомду түзгөн, накталай чыгымдар 22 809,5 миң сомго аткарылган.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы, Сокулук райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү Тартибинин талаптарын бузуу менен, накталай акча каражаттарын эсебин жүргүзүү китеби (кассалык китеп) жүргүзүлгөн эмес (аудитке берилген жок).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү Тартибинин талаптарына ылайык, 2023-жылга кассалык китеп калыбына келтирилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын бухгалтердик эсеп-кысап отчеттурундагы маалыматка ылайык, 2023-жылы банктан 593,6 миң сом накталай акча каражаттары алынган. Бирок казна китебинин көчүрмөлөрүндөгү маалыматтарга ылайык 2023-жылы банктан “Резервдик фонд” 2824-беренеси боюнча 595,6 миң сом накталай акча каражаттары алынган, же болбосо **2,0 миң сом** накталай каражаттын жетишпестиги болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Жетпей калган 2,0 миң сом суммасындагы накталай акча каражаттары Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын башкы бухгалтери Д.М.Садакбаеванын эсебинен ордуна коюлсун.

Мындан ары, накталай акча каражаттардын колдонуусу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү Тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы Сокулук районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын электрондук-санариптик кол-тамгасы башкы бухгалтер Д.М.Садакбаевада туруктуу

сакталып, башкы бухгалтер тарабынан тоскоолдуксуз колдонулупп, жетекчинин атынан төлөм документтерине кол коюлуп келген.

**Сунуштама:**

Мындан ары жетекчинин электрондук-санариптик кол-тамгасын башка кызматкерлерге колдонууга берилүүсү токтотулсун.

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 25-беренесинин 5-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 7-мартындагы №98-т тескемеси менен бекитилген Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары үчүн резервдик фонддордун каражаттарын пайдалануу Тартибинин 3-пунктун бузуу менен, Сокулук районунун мамлекеттик администрациясынын резервдик фондунан **82,5 миң сом** акча каражаттары сот жана милиция кызматкерлерине материалдык жардам катары жана ТМБ сатып алууга сарпталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Сокулук районунун мамлекеттик администрациясынын резервдик фондусунун каражаттары Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 25-беренесинин 5-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 7-мартындагы № 98-т тескемеси менен бекитилген Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары үчүн резервдик фонддордун каражаттарын пайдалануу Тартибинин талаптарына ылайык колдонулсун.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын жоопту кызматкерлери Э.Ш.Сүйүндүкова – 106,9 миң сом, Э.Э.Токтогонова – 135,0 миң сом жана Д.У.Картанбаева - 353,7 миң сом, баардыгы 595,6 миң сомго накталай акча каражаттарын эсепке алышкан, бирок аталган кызматкерлер авансалык отчет тапшырбагандыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчетту жүргүзүү боюнча Жобосунун талаптарын бузуу менен, **595,6 миң сомго** эсепке алынган акча каражаттары боюнча кызматкерлердин дебитордук карыздары бухгалтердик эсеп-кысапта негизсиз чыгышталган, же жашырылган.

Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 3-июлундагы №06-15/3419 санындагы катына ылайык, Э.Ш.Сүйүндүкова, Э.Э.Токтогонова жана Д.У.Картанбаева баардыгы 595,6 миң сомго авансалык отчетторду калыбына келтирип, бухгалтердик эсеп-кысап бөлүмүнө тапшырылган.

**Сунуштама:**

Э.Ш.Сүйүндүкова, Э.Э.Токтогонова жана Д.У.Картанбаевалар тарабынан жалпы суммасы 595,6 миң сомго авансалык отчеттор калыбына келтирилип, бухгалтердик эсеп-кысап бөлүмүнө тапшырылганы эске алынсын.

Мындан ары, каражаттарды эсепке берүү жана дебитордук карыздардын эсеби Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**6.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгын бузуу менен, Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын кызматкерлерине **3 383,0** миң сом суммасында ашыкча айлык акы эсептелген. Аудит учурунда 1 912,0 миң сом кайтарылып, республикалык бюджетке төгүлүп берилген.

Ошондой эле, Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын 2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы “Эмгек акы” беренеси боюнча кайрадан шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз

Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгын бузуу менен, Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын кызматкерлерине 3 806,3 миң сом суммасында ашыкча айлык акы эсептелген.

Жогоруда келтирилген фактылар боюнча жалпы **7 189,3 миң сомго** ашыкча айлык акы чегерилип, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесин бузуу менен 636,2 миң сом киреше салыгы кармалбастан, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптарын бузуу менен 1 636,6 миң сом социалдык төлөмдөр кармалбастан, кызматкерлердин эсептерине которулган.

Бул фактылар боюнча материалдар укук коргоо органдарына укуктук баа берүү үчүн жиберилген. Сокулук райондук прокуратурасынын 2024-жылдын 23 июлунун №11р/837-24 каты менен 3 147,8 миң сому өндүрүлгөндүгү маалымдалган.

**Сунуштама:**

Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын кызматкерлерине чегерилген айлык акылардын 1 912,0 миң сому аудит учурунда бюджетке кайтарылгандыгын, ошондой эле Сокулук районунун прокуратурасынын 2024-жылдын 23-июлундагы №11р/837-24 санындагы катынын маалыматына ылайык, 3 147,8 миң сому өндүрүлгөндүгү, жана аталган фактылар боюнча материалдар, укуктук баа берүү үчүн укук коргоо органдарына жиберилгени эске алынсын.

Мындан ары, эмгек акыны чегерүү жана төлөп берүү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**7.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 152-беренесин бузуу менен, кээ бир кызматкерлерге жалпы суммасы **329,9 миң сом** эмгек акы аз чегерилген (тизме түзүлгөн).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 152-беренесин бузуу менен чегерилбеген 329,9 миң сом айлык акыларды, аудитке берилген Сокулук районунун мамлекеттик администрациясынын кызматкерлерине (тизмеге ылайык) толугу менен чегерилип, төлөнсүн.

Мындан ары, эмгек акыны чегерүү жана төлөп берүү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөндор мамлекеттик инспекторлор Атагельдинова Г., Бердикеев Н.

**Сокулук районунун Өнүктүрүү фонду**

2023-жылга чыгымдар сметасы 20 400,0 миң сомго бекитилген жана 22 299,3 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 15 913,5 миң сомду, накталай чыгашалар 15 913,5 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-январындагы №20 токтому менен бекитилген "Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө" Типтүү жобонун 14-пунктун бузуу менен, 2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасын өз убагында бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Сокулук районунун Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын чыгымдар сметасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-январындагы №20 токтому менен бекитилген "Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө" Типтүү жобонун 14-пунктунда коюлган мөөнөттөн кечиктирилбей бекитилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлеринин 2023-жылдын 16-январындагы №20 токтому менен бекитилген "Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө" Типтүү жобонун 93-беренесинин талаптарын бузуу менен, Фонддун ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча методикасы иштелип чыккан жана бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлеринин 2023-жылдын 16-январындагы №20 токтому менен бекитилген "Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө" Типтүү жобонун талаптарына ылайык Фонддун ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча методикасы иштелип чыксын жана бекитилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Атагельдинова Г.

**Асылбаш айыл өкмөтү**

2023-жылга чыгаша бөлүктөр жалпы айыл өкмөт боюнча сметалык чыгымдар 10236,8 миң сомго бекитилип, 16 373,5 миң сомго такталган, 15 099,7 миң сомду кассалык чыгымдар түзсө, накталай чыгымдар 13 826,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

АЧЖМФ жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 1 336,3 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 365,8 миң сомго бекитилип**,** жалпы план орто эсеп менен **970,5 миң сомго** негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүүдө кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Асылбаш айыл өкмөтү тарабынан «Адилеттүү Биримдик» коомдук бирикмеси менен айылдын кире беришине арка орнотуу боюнча 950,0 миң сомго 2023-жылдын 22-мартындагы №8 түз келишим түзүлгөн, бирок Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун 313 пунктунун талаптарын бузуу менен, 2023-жылдын 12-апрелинде 500,0 миң сом алдын ала которуп берген (10 пайыздан көп), ошону менен бирге, аудит аныктагандай, арканы орнотуу жумуштары аткарылган эмес. Аудит учурунда «Адилеттүү Биримдик» коомдук бирикмеси тарабынан **500,0 миң сом** айыл өкмөттүн бюджетине которулган.

**Сунуштама:**

«Адилеттүү Биримдик» коомдук бирикмесине алдын ала которулган 500,0 миң сом аудит учурунда толугу менен Асылбаш айыл өкмөтүнүн бюджетине кайтарылганы эске алынсын. Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктарды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууда, келишимдерин түзүүдө жана аткарууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу

менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган 1 кызматкер кабыл алынган, ага **167,3 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 24,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси 1-пункту так жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптарын бузуу менен, “ОрОО Башы” Ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесине бөлүнгөн **200,0 миң сом** дебитордук карыз бухгалтердик эсептин тийиштүү тиркемелеринде калдык катары чагылдырылган эмес, же жашырылган. Аудит учурунда жашырылган дебитордук карыз бухгалтердик баланс боюнча калыбына келтирилген.

**Сунуштама:**

“ОрОО Башы” Ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин 200,0 миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карызы аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик баланс боюнча калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобосунун талаптары аткарылсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды электрондук веб-порталда жайгаштырбастан, **367,1 миң сомго** сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларда конкурстук жол-жоболорду уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Асылбаш айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен, кээ бир капиталдык оңдоп-түзөө жана курулуш жумуштарында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-Б жана 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйруктары менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын туура эмес колдонулуп, 3111 беренесинин элементтерин колдонулбастан, Бюджеттик классификациянын 2221 (утурумдук оңдоп-түзөө) беренесинин элементтерин колдонуу менен 1 998,9 миң сом каржыланган, анын ичинен:

1.Эстеликти оңдоого -600,0 миң сом;

2.Балдар үчүн аянтча куруруга -1340,0 миң сом;

3.Аялдама салуу үчүн -58,9 миң сом.

Жыйынтыгында, **1 998,9 миң сомду** түзгөн оңдоп-түзөө жана курулуш иштерине чыгышталган каражаттар, негизги каражаттардын балансалык баасына кошулбастан, түздөн-түз чыгымдарга кошулган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда бухгалтердик эсеп-кысап счетторуна тийиштүү оңдоо жүгүртүүлөрү киргизилип, негизги каражаттардын балансалык баасына 1 998,9 миң сом кошулганы эске

алынсын. Мындан ары, курулуш жана капиталдык оңдоп-түзөө жумуштарына кассалык чыгымдар сметасы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарына ылайык бекитилип, айыл өкмөттүн каражаттары тийиштүү беренелер аркылуу сарпталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **267,0** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калдыкта калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**8.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Айыл өкмөтүнүн АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдеринин жалпы суммасы 1336,3 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылы ижара акысынан жергиликтүү бюджетке түшүүсү болгону 285,9 миң сомго камсыздалган, же болбосо 2023-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардын ижара акысы боюнча карыздары 1050,4 миң сомго чейин өскөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**9.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарын бузуу менен, Жайыт пайдалануучуларга которулган **73,0 миң сом** айыл өкмөттүн жылдык балансында дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес, же жашырылган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, дебитордук карыз балансказ кабыл алынган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда Жайыт пайдалануучулардын 73,0 миң сом жашырылган дебитордук карызы бухгалтердик баланс боюнча калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Бердикеев Н.

**Ат-Башы айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 29 170,4 миң сом суммасында бекитилген, 47 780,0 миң сом суммасына такталган, кассалык чыгымдар 44 231,8 миң сомду түзгөн, накталай чыгымдар 26 304,5 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлери жана айыл өкмөттөрүн карамагындагы жерлер боюнча ижара акысы үчүн карыздары 1 930,6 миң сомду , ижара келишимдеринин суммасы 2 635,0 миң сомду түзгөн. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн киреше булактары боюнча 2023-жылга такталган план болгону 2 430,6 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **2 135,1 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүүдө боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 37-беренесинин талаптарына ылайык жарандардын муниципалдык кызматта туруусунун чектөө курагы 65 жаш болгондугуна карабастан, 2023-жылы Ат-Башы айыл өкмөтүнүн материалдык баалуулуктарды алып барган бухгалтер-эсепчиси А.А.Акулич жана экономист-статист адиси У.С.Токтосунова муниципалдык кызматта туруусунун чектик курагы - 65 жаштан ашканына карабастан иштеп келген жана 2023-жылдын январь-февраль айларында жалпы **309,5 миң сом** эсептелген, анын ичинен Социалдык фондго чегерүүлөр 46,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, муниципалдык кызматта туруусунун чектик курагы бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 37-беренесинин 2-пунктунун 12-подпунктунун талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, 2023-жылдын аягына карата **692,4 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Төрткүл айылындагы бала бакчаны капиталдык оңдоо" объектиси боюнча (подрядчы "Нефрит ЛТД" ЖЧК) 9 226,2 миң сомдук аткарылган иштердин актысы Манас (Ат-Башы) айыл өкмөтүнүн техникалык көзөмөлү Б.Б. Тыналиев тарабынан тастыкталбай, аткарылган иштердин актысы кабыл алынган эмес.

Ошондой эле, Манас (Ат-Башы) айыл өкмөтүнүн өкүлү тарабынан оңдолгон актыга өз убагында кол коюлуп, иштер кабыл алынган эмес. Бирок, буюртмачы – Манас (Атбашы) айыл өкмөтү тарабынан 13 990,8 миң сом каржыланган, же болбосо, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругунун менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетуу жүргүүзү боюнча” Жобосунун 313 пунктунун талаптарын бузуу менен **9 226,2 миң сом** (10% жогору) подрядчы "Нефрит ЛТД" ЖЧКнун дарегине которулган.

Андан тышкары аталган объект боюнча аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, **287,5** миң сом суммасында жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

"Нефрит ЛТД" ЖЧКна негизсиз которулган 9 226,2 миң сомго тиешелүү жумуштар аткарылып, аткарылган иштер боюнча салыштырма ортолук эсептешүү актылары түзүлсүн. Мындан ары, жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансалык төлөмдөрдү төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-

январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 312-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

Аудитте аныкталган “Төрткүл айылындагы бала бакчаны капиталдык оңдоо” объектиси боюнча подрядчы “Нефрит ЛТД” ЖЧКу тарабынан иштердин наркынын жогорулатылган 287,5 миң сом суммасын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Кенешов Ш., Мусуралиев А.

**Военно-Антоновка айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 44 691,9 миң сомго бекитилип, 2023-жылдын ичинде 69 573,7 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 64 610,1 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 41 331,2 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, 2023-жылдын 28-ноябрында 4 544,2 миң сомго жана 2023-жылдын 22-декабрында бюджетке өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Военно-Антоновка айылдык кеңешинин 2023-жылдын 26-январындагы №01-5/65 токтомунун негизинде аксакалдар сотунун төрагасына жана 4 мүчөлөрүнө ар бир кварталына 12,0 мин сомдон, жалпысы 75,0 мин сом көмөк төлөмү жүргүзүлүп, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185- беренесин бузуу менен **6,9 миң сомго** киреше салыгы кармалбай, бюджетке төгүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесинин талаптарына ылайык аксакалдар сотунун төрагасынан жана мүчөлөрүнөн 6,9 миң сомго киреше салыгы кармалып, тиешелүү бюджетке которулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 15-ноябрында Военно-Антоновка айыл өкмөтү, «Айыл Банк» ААК Сокулуктагы филиалы жана «Кыргыз Тянь-Банг» ЖЧК үч тараптык «Финансалык ижара (лизинг) №00017337455.001 келишими кол коюлуп, келишимдин талаптарына ылайык «Кыргыз Тянь-Банг» ЖЧК айыл өкмөттүн дарегине 3 678,5 миң сомдук «Shanmon 388» экскаваторун жеткизмек. Ошону менен бирге, келишимдин талаптарында «Кыргыз Тянь-Банг» ЖЧК тарабынан жеткизүү мөөнөттөрү так белгиленген эмес, жана жеткизүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн эч кандай чаралар аныкталбастан, айыл өкмөттүн кызыкчылыктары корголгон эмес.

Ошол эле учурда, 2023-жылдын 31-декабрына чейин аталган техника айыл өкмөттүн дарегине жеткизилбегенине карабастан, айыл өкмөттүн төлөө тапшырмасы менен **202,4 миң сом** (декабрь, январь үчүн) пайыздык ставкасы которулган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, ТМБ сатып алуу келишимдерин түзүүдө ТМБ жеткизүүчүнүн милдеттери катары жеткизүү мөөнөттөрү так коюлуусу камсыздалсын, жана келишим боюнча милдеттерин так аткарбагандыгы үчүн, ТМБ жеткизүүчүлөргө каржы санкциялары, жана башка таасир этчү чаралар каралсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын

талаптарын бузуу менен, кийинки жылдагы каржылоодо эсепке алынууга тийиш **1 101,1 миң** сомдук дебитордук карыздардын калдыгы эсепте калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, дебитордук карыздардын калдыктарынын ашыкча болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 2 985,5 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылдагы АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 2108,9 миң сомго бекитилип**,** жалпы план орто эсеп менен **876,6 миң сомго** негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүүдө кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитетинин кирешесинин 1/3 бөлүгү, же **266,7 миң сом** жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Жайыт комитетинен которулбаган 266,7 миң сом өндүрүлсүн. Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелер Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарына ылайык толугу менен айыл өкмөттүн бюджетине төгүлүп, Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын ылайык Жайыт комитетин каржылоого, жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртууга пайдаланылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Байбосунов С.

**Военно-Антоновка айылдык кеңешинин муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Военно-Антоновка айыл өкмөтү)

2023-жылдын "Бирдиктүү салык декларация" көрсөткүчтөрү боюнча, операциалык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 18 575,4 миң сомго барабар, ал эми операциалык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 18 481,8 миң сом болуп, дүң пайда 93,6 миң сом табылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жыл боюнча чарбачылык жүргүзгөн абоненттер тууралуу маалыматтарга ылайык 116 ишкерлик жүргүзгөн жактар жана юридикалык ишкана аныкталган, ал эми Ишкананын базасында 68 ишкерлик жүргүзгөн жактар жана юридикалык ишкана менен келишимдер түзүлгөн, айырмасы 48 (116-68) ишкерлик жүргүзгөн жактардан эсеп менен бир айда 0,5 миң сомдон төлөм алынбай, Ишкананын бир жылдык кирешенин жоготуусу орто эсеп менен **288,0 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Ишкананын киреше булактарын көбөйтүү максатында, Военно-Антоновка айыл аймагындагы чарбачылык жүргүзгөн абоненттер такталып, Ишкананын абоненттик базасы инвентаризациянын жыйынтыгы менен жаңылансын. Инвентаризациянын жыйынтыгы

менен жаңы аныкталган чарбачылык жүргүзгөн абоненттер менен келишимдер түзүлүп, айыл аймагындагы абоненттерди базага толук камтуу боюнча иш аракеттер аткарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренесин бузуу менен, Военно-Антоновка айыл өкмөттүн статист-экономисти Орозалы к. Н. Ишкананын кассир-контролеру катары иштеген, ага **105,5 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 15,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесинин талаптары так жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен, сатып алуулардын ички тартиби иштелип чыккан эмес, шарттары бекитилген эмес жана талаптары аткарылбай накталай акчага сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекиген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы малекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин, ички сатып алуу тартибин иштелип чыгуу боюнча, жана товардык материалдык баалуулуктарды (мындан ары ТМБ) сатып алуу боюнча талаптары аткарылуусу камсыздалсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин колдонуу боюнча нускаманын” талаптарын бузуу менен, 2023-жылдын 20-мартында №032 коштомо (накладной) менен 80,0 миң сомго 1 даана чатыр, 95,0 миң сомго 1 даана темир боз үй, жалпы **175,0 миң сомго** негизги каражат сатып алынып, 1750 «Аз балуу жана тез бузулуучу буюмдар» бухгалтерлик эсебинде чагылдырылган.

**Сунуштама:**

2023-жылдын 20-мартында №032 коштомо (накладной) менен баасы 175,0 миң сомго сатылып алынган негизги каражаттар бухгалтердик эсеп-кысапта негизги каражаттар эсепке алынган тийиштүү эсептерге, бухгалтердик оңдоо жүгүртүүлөр менен, чагылдырылсын.

Мындан ары, жаңы сатылып алынган негизги каражаттар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелеринин талаптарына ылайык бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде чагылдырылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Байбосунов С.

**Гавриловка айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 21 953,1 миң сом суммасында бекитилген, 2023-жылы 28 000,1 миң сом суммасына такталган, кассалык чыгымдар 22 711,5 миң сомду түзгөн, накталай чыгымдар 19 128,9 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылын 1-январына карата калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн түзүлгөн келишимдердин суммасы 195,4 миң сомду түзгөн, жана 2023-жылга калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн такталган киреше планы 71,0 миң сомго бекитилип, бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз түрдө 124,4 миң сомго төмөндөтүлгөн.

АЧЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карызы 2023-жылдын 1-январына карата 1254,2 миң сомду түзсө, 2023-жылын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысынын суммасы 4 667,5 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге 2023-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшө турган киреше планы 4749,8 миң сомго гана бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз 1 171,9 миң сомго төмөндөтүлгөн.

АЧЖМФ жерлеринин мүлк салыгынын карызы 2023-жылдын 1-январына карата 638,6 миң сомду түзгөнүнө карабастан, 2023-жылга АЧЖМФ жерлеринин жер салыгынын киреше планы болжолдонуп бекитилген эмес, же болбосо Гавриловка айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгү 638,6 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Жогоруда келтирилген киреше булактары боюнча айыл өкмөттүн бюджетинин киреше бөлүгүнүн планы негизсиз **1 934,9 миң сом**го төмөндөтүлүп бекитилген, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүүдө жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **534,9 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобосунун 80-пунктун бузуу менен, ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер райондук мамлекеттик кыймылсыз мүлктөрдү каттоо кызматында каттодон өткөн эмес.

2023-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча 1 254,2 миң сом ашыкча төлөө болгон. Түзүлгөн келишимдердин негизинде 996,2 га жерге ижара акысы 5 965,0 миң сомду түзгөн, ал эми жыл ичинде 4 718,9 миң сом өндүрүлгөн. 2024-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган ижара акысы 2 500,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобосунун 80-пунктуна ылайык АЧЖМФ жерлерин ижаралоо келишимдери кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**“Гавриловка айыл өкмөтүнө караштуу көрктөндүрүү комбинаты” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Гавриловка айыл өкмөтү)

2023-жылга чыгымдардын сметасы 1 778,4 миң сомго бекитилген, кассалык чыгаша 1855,4 миң сомду түзгөн. 2023-жылдагы финансылык жыйынтыктары жөнүндө отчетко ылайык, ишкананын бөлүштүрүлбөгөн кирешеси 146,8 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесин бузуу менен, Иш берүүчү тарабынан 8 кызматкерге (тизмеси түзүлгөн) чегерилген айлык акыдан, жалпы суммасы **194,4 миң сом** (17,25 % ) өлчөмүндө чегерилген камсыздандыруу төгүмдөрү Социалдык фонддун бюджетине которулган эмес, ошондой эле тизмедеги кызматкерлерден, жалпы суммасы **109,8 миң сом** 10% өлчөмүндө, камсыздандыруу төгүмдөрү кармалып, Социалдык фонддун бюджетине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесин аткаруу максатында, Ишкананын эсебинен 8 кызматкерге (тизмеге ылайык) чегерилген айлык акыдан, жалпы суммасы 194,4 миң сом 17,25 % өлчөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилип, Социалдык фондко жана которулсун.

Ошондой эле, 109,8 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү (10%) кызматкерлерден кармалып, Социалдык фондко которулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесин бузуу менен, 8 кызматкерден (тизмеси түзүлгөн) **96,4 миң** сом киреше салыгы эсептелип, бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесинин талаптарына ылайык 8 кызматкерден (тизмеге жараша) 96,4 миң сомго киреше салыгы, кармалып, тиешелүү бюджетке которулсун.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**Жаңы-Жер айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 311,0 миң сом суммасында бекитилген, 14 110,9 миң сом суммасына такталган, кассалык чыгымдар 13 058,8 миң сомду түзгөн. 2024-жылдын 1-январына карата калдык 6 273,1 миң сом.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетуу жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен, Жаны-Жер айыл өкмөтүнүн жетекчилигине жана тийиштүү кызмат адамдарына иш жүзүндө айлык акы чегерилбестен, жана айлык акыларынын чегерүүсү боюнча бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде чагылдырылбастан, Жаны-Жер айыл өкмөтүнүн бухгалтериясынын кызматкерлеринин (жалпы 8 кызматкер) өздүк эсептерине 318,4 миң сом каражат которулган, ошону менен бирге, кызматкерлердин дебитордук карыздары бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде чагылдырылган эмес, же жашырылган. Аудит учурунда **318,4 миң сом** айыл өкмөттүн бюджетине өндүрүлүп, кызматкерлердин жашырылган дебитордук карыздары ордуна коюлган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда 318,4 миң сом кызматкерлердин жашырылган дебитордук карыздары айыл өкмөттүн бюджетине өндүрүлүп, ордуна коюлганы эске алынсын. Мындан ары, эмгек акыларды чегерип төлөөдө, Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте подрядчы "Айдос Кут" ЖЧКсы тарабынан "Ж.Гвардия көчөсүндөгү тротуарды капиталдык оңдоо" объектиси боюнча иштердин наркын **38,4 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталган, ошондой эле, келишимдин шарттарын аткарбагандыгы үчүн, келишимдин наркынын суммасынан 10% өлчөмүндө **248,1 миң сомго** үстөк айып эсептелген**.**

**Сунуштама:**

"Ж.Гвардия көчөсүндөгү тротуарды капиталдык оңдоо"" объектиси боюнча подрядчы "Айдос Кут" ЖЧКсы тарабынан иштердин наркынын жогорулатылган 38,4 миң сом суммасын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн. Андан тышкары келишимдин шарттарын аткарбагандыгы үчүн 248,1 миң сомго эсептелген үстөк айып өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кутпидин уулу А.

**“Таза айыл таза суу” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Жаңы-Жер айыл өкмөтү)

2023-жылдагы Кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык ишмердиктен түшкөн киреше 4 924,5 миң сомду, ал эми чыгашалар 5 171,5 миң сомду түзгөн. 2023-жылдын жыйынтыгы менен ишкана 247,0 миң сомго зыян тарктан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, 25,9 миң сомго кармалбай калган киреше салыгы жана камсыздандыруу төгүмдөрү.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 25,9 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (кармалбай калган киреше салыгы жана камсыздандыруу төгүмдөрү).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен, **2 493,1** миң сомго (мындан ары ТМБ) жана запастык бөлүктөр эсепке берүү жолу менен сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекиген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы малекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин, ички сатып алуу тартибин иштелип чыгуу боюнча, жана ТМБ сатып алуу боюнча талаптары аткарылуусу камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кутпидин уулу А.

**Жаңы-Пахта айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 295,8 миң сом суммасында бекитилген, 2023-жылы 21 308,9 миң сом суммасына такталган, кассалык чыгымдар 13 713,1 миң сомду түзгөн, накталай чымдар 12 957,2 миң сомго аткарылган.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата **272,9 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Карабаев Ж.

**3. Кайназарова атындагы айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 23 845,9 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 30 114,8 миң сом суммасына такталган, кассалык чыгымдар 26167,7 миң сомду түзгөн, накталай чыгымдар 19 833,9 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, тактап айтканда 38,5 миң сом-жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 38,5 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулсун).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карызы 2023-жылдын 1-январына карата 211,6 миң сомду түзсө, 2023-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин түзүлгөн

келишимдердин негизинде ижара акысынын суммасы 1 710,6 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге 2023-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшө турган киреше планы болгону 1 710,6 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **211,6 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүү жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **533,0 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктун бузуу менен, 2023-жыл үчүн 373,6 га АЧЖМФ жерлеринин 27 ижарачылары (тизмеси түзүлгөн) тарабынан **71,7 миң сомго** социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү Социалдык фондко төлөнгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктуна ылайык, 71,7 миң сом АЧЖМФ жерлеринин 27 ижарачыларынан (тизмеге ылайык) өндүрүлсүн, жана Социалдык фонддун бюджетине төгүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Омурсаков А.

**“З.Кайназаров атындагы айыл аймагынын “Достук турак-жай коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу З. Кайназаров атындагы айыл өкмөтү)

2023-жылга акча каражаттардын жүргүзүү жөнүндө отчеттун маалыматтары боюнча тейлөөлөрдөн жана кызмат көрсөтүүлөрдөн 1941,0 миң сом киреше түшкөн, операциялык ишмердүүлүктүн чыгымдары 1941,0 миң сомду түзгөн. Жыйынтыгында Ишкананын, баардык операциялык эмес киреше, чыгашаларды эске алганда, отчеттук мезгилинин пайдасы (зыяны) 0,0 сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы баардык кызматкерлерге чегерилген эмгек акылардан (тизмеси түзүлгөн) Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесин бузуу менен **118,3 миң сом** киреше салыгы кармалган эмес, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, ишкана тарабынан **121,6 миң сом** социалдык төлөмдөр кармалбастан, төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Кызматкерлерден (тизмеге ылайык) 118,3 миң сом киреше салыгы жана 121,6 миң сом социалдык төлөмдөр кармалып, тийиштүү бюджеттерге которулсун. Мындан ары, кызматкерлерге эмгек акы чегерип төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так аткарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен, **418,2 миң сомго** ТМБ эсепке берүү жолу менен сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктар жана кызматтарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 санындагы токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Омурсаков А.

**Күнтуу айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 030,8 миң сомго бекитилген, 2023-жылы 18 722,3 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 17 695,1 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 14 204,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, Күнтуу айыл кеңешинин токтомдору менен бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө 2023-`жылдын 1-июнунан 1-ноябрына чейин 2 жолу жана 1-ноябрынан кийин 1 жолу өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысынын суммасы 651,6 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге 2023-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшө турган киреше планы 621,3 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **30,3 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүү жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрынын №137-б жана 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйруктары менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту

жүргүзүү боюнча" Жобосун бузуу менен, сатылып алынган кээ бир  арзан баадагы сырье жана материалдар (АСМ) мектептерге, балдар бакчасына жана башка айыл аймагындагы мекемелерге, айыл аймактын жашоочуларына өткөзүлүп берилген, ошону менен бирге айыл өкмөт тарабынан өткөзүлүп берилген **993,7 миң сом** баадагы АСМ, балансан чыгаша кылынбай, калдык катары эсепте жүргөн.

**Сунуштама:**

Колдонулган, же өткөзүлүп берилген арзан баадагы сырье жана материалдар (АСМ) эсебин, Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун негизинде бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде жүгүртүүлөрдү чагылдыруу өз убагында камсыздалсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кээ бир сатылып алынып айыл өкмөттүн имаратына коюлган, мектептерге өткөзүлүп берилген, жана айыл өкмөттүн мекемелеринин муктаждыгына колдонуп келинген кымбат баалуу жабдуулар (**406,6 миң сомдук**), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрынын №137-б жана 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйруктары менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 127-пунктун бузуу менен, негизги каражаттарга кошулбастан АСМ катары эсепте калган, тактап кетсек:

- жол белгилери – 33,0 миң сомго;
- бетондон жасалгалар – 66,4 миң сомго;
- конвекторлор – 154,0 миң сомго;
- дарбаза – 58,3 миң сомго;
- өрт коопсуздук дубалы – 49,9 миң сомго;
- кобра прожектору – 45,0 миң сомго.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык, бухгалтердик эсеп-кысапта негизги каражаттардын жүгүртүүсүн чагылдырган тийиштүү эсептерине которулуп, бухгалтердик эсеп-кысапка 406,6 миң сомго тийиштүү оңдоолор киргизилсин.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык сатып алынган кымбат баалуу жабдуулар менен материалдык баалуулуктар негизги каражаттар катары эсепке алынуусу камсыздалсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Күнтуу айыл аймагына караштуу АЧЖМФ жерлеринин жалпы аянты 256га, анын ичинен сугат айдоо жерлери – 137га, жана көп жылдык өсүмдүктөр жерлери – 119 га.

Ошону менен бирге, аудитке берилген маалыматка, Күнтуу айыл өкмөтүнүн башчысы Б. Джумалиевдин жана жер адиси берген материалдарына ылайык, 2023-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин жалпы аянты болгону 164 га, анын ичинен 92,9 га сугат жерлери жана 71,6 га кайрак жерлер болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин накта аянтын тактоо жана толуктоо максатында комиссия түзүп, комиссия тарабынан АЧЖМФ жерлерин толугу менен инвентаризациялоо аткарылсын, жана инвентаризация бүткөндөн кийин, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнө маалымат жиберилсин.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

**<u>Дем берүүчү грант</u>**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Чон-Жар айылындагы Рахимов атындагы орто мектептин имаратынын чатырын алмаштыруу” объектиси боюнча подрядчы “Кеменгер Инжиниринг" ЖЧКу тарабынан иштердин наркынын **63,7 миң сом** суммасында жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

"Чон-Жар айылындагы Рахимов атындагы орто мектептин имаратынын чатырын алмаштыруу” объектиси боюнча подрядчы “Кеменгер Инжиниринг" ЖЧКу тарабынан иштердин наркынын жогорулатылган 63,7 миң сом суммасын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Сакиев М., Мусуралиев А.

**“Таза Күнтуу” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Күнтуу айыл өкмөтү)

Бирдиктүү салык декларациясындагы маалыматтарга ылайык 2023-жылда түшкөн кирешелердин көлөмү 4 882,0 миң сомду түзгөн, жана кызмат көрсөтүүдөгү чагашалардын көлөмү дагы 4 882,0 миң сомду түзгөн, же болбосо 2023-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана таза киреше тапкан эмес, жана чыгашалардын көлөмү кирешелердин көлөмү менен барабар болгон.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын бирдиктүү 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” токтомунун 9-пунктун бузуу улантылган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын тапшырмалары толугу менен аткарылышы камсыздалсын, жана аткарылышы боюнча маалыматтар, тастыктоочу документтер менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнө жиберилсин.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

“Таза Күнтуу” МИ бюджеттик пландоодо, киреше булактарын толугу менен эске алынбастан, абоненттердин накталай санын, айыл аймагындагы кожолордун толук санын, жана ошондой эле абоненттердин жыл башына карата дебитордук карыздарын эсепке алынбай туруп, бюджеттин киреше бөлүгү түшө турган көлөмдөн дээрлик көп суммада божомолдонгон.

**Сунуштама:**

Мындан ары бюджеттик пландоодо, киреше булактарын толугу менен эске алып, абоненттердин накталай санына жараша, айыл аймагындагы кожолордун толук санына жараша, жана ошондой эле абоненттердин жыл башына карата дебитордук карыздарын эсепке алуу менен, бюджеттин киреше бөлүгүн туура эсептелип, бекитилсин.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкананын бөлүмдөрүнүн өз ара кызматташтыктары жана маалымат алмашуулары так болбогондуктан, 2023 жылдын аягында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелерин бузуу менен, бухгалтердик эсеп боюнча калктын **4 540,0 миң сомго** дебитордук карыздары бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде калдык катары чагылдырылган мес, же жашырылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелеринин так аткарылуусу камсыздалсын, жана калктын 4 540,0 миң сомго жашырылган дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча тиешелүү эсептерде ордуна коюлуп, чагылдырылсын.

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча абоненттердин карызы жыл башына салыштырмалуу 1 244,7 миң сомго көбөйүп, 4 540,0 миң сомду түзгөн, же болбосо “Таза Күнтуу” МИ дебитордук карыздарды өндүрүү иш аракеттери жокко эсеп болуп, абоненттердин карыздары жыл сайын ири өлчөмдө өсүүдө экенин аудит баса белгилейт.

**Сунуштама:**

Күнтуу айыл өкмөтүнүн (уюштуруучу катары) жана “Таза Күнтуу” МИ жетекчилиги, дебитордук карыздардын өсүүсүнө жоопкер кызматчыларга тийиштүү чараларды көрүп, Ишкананын кирешесин көбөйтүү, жана кардарлардын карыздарын толугу менен жабуу иш аракеттерин күчөтүү максатында, кардарлардын жыл аягында калдыкта болгон 4 540,0 миң сомдук карыздарын кыскартуу боюнча жыйынтыктуу иш чаралар көрүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкананын 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча “Түшкөн пайда жана зыян жөнүндөгү” отчетунун маалыматтары жана бирдиктүү салык декларациясындагы маалыматтар туура эмес болуп чыккан, жана 2023-жылдын жыйынтыгында Ишкана 2023-жылдын ичинде киреше катары 4 936,2 миң сом тапкан, ал эми кызмат көрсөтүүдөгү өздүк нарктын баасы (чыгашалар) 4 775,3 миң сомду түзгөн, жана 2023-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 160,9 миң сомго таза киреше тапкан, же болбосо таза кирешеден төлөнүүчү 10% көлөмүндөгү **16,1 миң сом** салык төлөнбөй калган.

**Сунуштама:**

“Таза Күнтуу” МИ жетекчилиги, 2023- жылдын жыйынтыгы боюнча “Түшкөн пайда жана зыян жөнүндөгү” отчетун жана бирдиктүү салык декларациясын оңдоп, 160,9 миң сомго аткарылган таза кирешени киргизүү боюнча тийиштүү өзгөртүүлөрдү аткаруу камсыздалсын.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 210-беренесине ылайык, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 160,9 миң таза кирешенин 10 пайызы болгон 16,1 миң сомдук таза киреше салыгы тийиштүү бюджетке төлөнсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелерин, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибин бузуу менен, 2023-жылы кассалык операцияларга ай сайын жыйынтыктоочу мемориалдык ордер түрүндө отчеттор түзүлгөн эмес, жана бухгалтердик эсептер арасындагы дебитордук жана кредитордук эсептер чагылдырылбастан, накталай акча каражаттардын жүгүртүлүүсү касса китебинин жана бухгалтердик эсеп-кысаптын биринчилик документтердин гана деңгээлинде аткарылган.

Касса китепчелеринин түзүлүшү жана накталай акчалардын жүгүртүүсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибин бузуу менен, аткарылган, тактап айтканда кассалык китептерге көп ирет оңдоолор, номерлерге тактоолор киргизилип аткарылган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелерин, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин талаптарына ылайык, кассалык операциялар ай сайын жыйынтыктоочу мемориалдык ордер түрүндө отчеттор менен коштолсун, жана тийиштүү бухгалтердик эсептер арасындагы дебитордук жана кредитордук жүгүртүүлөр чагылдырылып, жыйынтыктоочу регистрлерде көрсөтүлүүсү камсыздалсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесин бузуу менен **11,8 миң сомго** киреше салыктары, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен **10,9 миң сомго** социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү кармалбай калган.

**Сунуштама:**

Ишкананын жетекчилиги тизмедеги кызматкерлерден 11,8 миң сомго киреше салыктарын жана 10,9 миң сомго социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүн кармап, тиешелүү бюджетке жана Социалдык фондко которулуусун камсыздасын. Мындан ары айлык акыларды эсептеп төлөп берүүдө Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускамасынын талаптары так сакталсын.

**8.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартиптин 5-пунтун бузуу менен, сатып алуулардын ички эрежелери кабыл алынган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекиген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин токтомунун 5-пунтуна ылайык, сатып алуулардын ички эрежелеринин кабыл алуусу жана ачык жеткиликтүү жайгаштыруусу камсыз кылынсын.

**9.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен **293,9 миң сомго** ТМБ сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары товардык материалдык баалуулуктар жана кызматтарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**10.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы бухгалтердик эсеп-кысап жана отчеттуулук Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелеринин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин талаптарына жооп бербейт.

**Сунуштама:**

Ишкананын бухгалтердик эсеп-кысап жана отчеттуулугун, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелеринин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин талаптарына жооп бергидей кылып тийиштүү ар айлык жыйынтыктоочу отчетторду түзүп, бухгалтердик эсеп-кысаптын баардык тийиштүү регистрлеринде чагылдырылып, калыбына келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Сакиев М.

**Кызыл-Туу айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 13973,7 миң сомго бекитилген, жыл ичяинде 19 201,9 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 25 279,1 миң сомго жүргүзүлгөн, накталай чыгашалар 17 848,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, тактап айтканда 130,7 миң сом-жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 130,7 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджетке которулсун).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган 3 кызматкер кирешелер боюнча башкы адистин бош кызмат ордуна кабыл алынган, жана 3 кызматкерге **380,7 миң сомго** эмгек акы чегерилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пункту жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү **24,6 миң сом** жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Жайыт комитетинен мурда которулбаган 24,6 миң сом өндүрүлсүн. Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелер Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарына ылайык толугу менен айыл өкмөттүн бюджетине төгүлүп, Кыргыз Республикасынын “Жайыттар

жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын ылайык Жайыт комитетин каржылоого, жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртууга пайдаланылсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте “Маловодное айылындагы балдар бакчасынын чатырын жана курулуш бастырмасын алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы “БАРС курулуш компаниясы” ЖЧКсы тарабынан иштердин наркынын **28,7 миң сом** суммасында жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган “Маловодное айылындагы балдар бакчасынын чатырын жана курулуш бастырмасын алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы “БАРС курулуш компаниясы” ЖЧКу тарабынан иштердин наркынын жогорулатылган 28,7 миң сом суммасын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Н. Ашыралиев, А. Мусуралиев

**“Кызыл-Туу” муниципалдык ишканасы (**уюштуруучусу Кызыл-Туу айыл өкмөтү)

2023 -жылдын жыйынтык балансынын жана түшкөн пайда жана зыян жөнүндөгү форма №2 отчетунун көрсөткүчтөрү боюнча, операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 5 046,2 миң сом, ал эми операциялык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 4 972,9 миң сом, жылдын жыйынтыгында 45,7 миң сом таза пайда түшкөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, 420,1 миң сомго киреше салыгы жана камсыздандыруу төгүмдөрү кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 420,1 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (кармалбай калган киреше салыгы жана камсыздандыруу төгүмдөрү).

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мамытов Н.

**Н. Крупская атындагы айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 78 241,8 миң сомго бекитиген, 142 418,2 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 109 282,6 миң сомду, накталай чыгаша 94 967,4 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга АЧЖМФ жерлери, көлмөлөр жана айыл өкмөттөрүн карамагындагы жерлердин ижара акылары боюнча 2023-жылдын башына карыздары жана ижара келишимдеринин суммасы жалпысынан 15 055,2 миң сомду түзгөн. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн киреше булактары боюнча 2023-жылга такталган план болгону 12 608,6 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **2 446,6 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүүдө жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы

суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөтүнүн башчысынын 2023-жылдын 28-июлундагы №01-9/294 жана 2023-жылдын 15-ноябрындагы №01-9/471 буйруктары менен тартиптик жаза жарыяланганына карабастан, адис А.Исмаиловага, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 4-пунктусун бузуу менен, эмгек акысына **- 7,4 миң сом** суммасында негизсиз үстөк акы (10%) төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек акыга кошумча төлөөдө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022 жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгы жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган жаран айыл өкмөтүнүн вакант болгон аскердик эсептөөчү инспектордун кызматына негизсиз кабыл алынган, жана **71,6 миң** сом айлык акы чегерилген, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 5,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **283,7 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айылдык кенештин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №3/22 токтомуна ылайык, бюджеттик каражаттардын эсебинен бир балага тамак-ашка күнүнө - 90 сом чыгаша каралган, жана орто эсеп менен тамак аштын чыгашасы 2023-жылы 1 600,5 миң сомдон ашпашы керек эле, бирок иш жүзүндө тамак-аштын накталай чыгашасы 1 720,5 миң сомду түзгөн, же болбосо нормадан ашыкча чыгыша **120,0 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Бюджеттик каражаттардын эсебинен сатылып алынган тамак аштын чыгышталуусу айыл кеңештин бекиткен нормаларынан ашырылбасын. Тамак ашты чыгыштоо нормаларын бекитүүдө, тамак аштын баасынын кымбатташы эске алынсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча дебитордук карыз 2023-жылдын 1-январына карата 2 066,1 миң сомду түзгөн. 2023-жылга ижара келишимдердин жалпы суммасы 13 991,9 миң сомду түзгөн, ижара акыларынын түшүүсү 2023-жылы болгону 11

812,9 миң сомго камсыздалып, 2023-жылдын 31-декабрына карата АЧЖМФ жерлеринин ижарасы үчүн дебитордук карыздын калдыгы 4 245,1 миң сомго чейин өскөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудитинин жыйынтыгы боюнча “№2 орто мектебин капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Еврострой" ЖЧКсы тарабынан 556,6 миң сом аткарылган иштердин көлөмүнүн жогорулагандыгы аныкталган. Ошондой эле, жумуштарды өз убагында аткарбагандыгы үчүн 229,4 миң сом суммасында туум эсептелген. Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобосун бузуу менен, 31.12.2023-жылга карата подрядчы "Еврострой" ЖЧКнун **786,0 миң сом** дебитордук карызы бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде калдык катары чагылдырылган эмес, же жашырылган.

Аудит учурунда "Еврострой" ЖЧКнун дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилген.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда "Еврострой" ЖЧКнун 786,0 миң сомдук жашырылгын дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так сакталсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Сокулук айылында мал базары үчүн бастырма куруу" объектиси боюнча подрядчы «GEO-TAL» (ГЕО-ТАЛ) ЖЧКу тарабынан иштердин наркынын **62,8 миң сом**го жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган "Сокулук айылында мал базары үчүн бастырма куруу"объектиси боюнча подрядчы «GEO-TAL» (ГЕО-ТАЛ) ЖЧКу тарабынан иштердин наркынын жогорулатылган 62,8 миң сом суммасын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Мейманалиев Дж., Мусуралиев А.

**“Таза айыл” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Н. Крупская атындагы айыл өкмөтү)

2023-жылга Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, салык салынуучу кирешелер 18 214,6 миң сомду түзгөн, эсептен чыгарууга жаткан чыгашалар 17 685,9 миң сомду түзгөн. Салык салынуучу пайда 528,7 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы "Таза-Айыл" МИ жалданма кызматкерлерге (тизме түзүлгөн) 167,8 миң сом эмгек акы чегерип төлөгөн, бирок иш берүүчү катары Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесин бузуу менен **15,1 миң сом** киреше салыгы кармалып, бюджетке төгүлгөн эмес. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” нускамасын бузуу менен **16,7 миң сомго** Социалдык төлөмдөр кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын жетекчилиги тизмедеги кызматкерлерден 15,1 миң сомго киреше салыктарын жана 16,7 миң сомго социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүн кармап, тиешелүү

бюджетке жана Социалдык фондко түшүрүүсүн камсыздасын. Мындан ары айлык акыларды эсептеп төлөп берүүдө Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" нускамасынын талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Эмгек акыны эсепке алуунун өздүк эсебине ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата кызматкерлерге (тизмеси түзүлгөн) 6,1 миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн, бирок Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн" Эрежелерин бузуу менен, кызматкерлерге ашыкча төлөнгөн **6,1 миң сом** айлык акылары дебитордук карыз катары бухгалтердик эсептин тийиштүү тиркемелеринде чагылдырылган эмес, же жашырылган.

**Сунуштама:**

Кызматкерлердин (тизмеге ылайык) 6,1 миң сом айлык акылары боюнча дебитордук карыздары бухгалтердик тийиштүү эсептеринде калыбына келтирилсин. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн" Эрежелерин талаптары аткарылсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай төлөмдөрсүз жана эсептешүүлөрсүз үлүштү көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга Мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө (үчүнчү этап)" токтомунун 9-пунктун бузуу менен, калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн квитанциялардын негизинде накталай формада төлөмдөр кабыл алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай төлөмдөрсүз жана эсептешүүлөрсүз үлүштү көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга (үчүнчү этап) мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, накталай эмес төлөмдөрдө ар кандай формаларды жана инструменттерди колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн үзгүлтүксүз төлөмдөрдү төлөө мүмкүнчүлүгү камсыз кылынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен, сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча ички документ иштелип чыгып, бекитилген эмес, ошондой эле аталган Типтүү тартипти бузуу менен, ТМБ жана кызматтар эсепке берүү жолу менен сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомунун талаптарына ылайык, сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча ички документ иштелип чыгып, бекитилсин.

Мындан ары товардык материалдык баалуулуктар жана кызматтарды сатып алуулар жогоруадгы Типтүү тартиптин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн" Эрежелерин бузуу менен, 2023-жылы **469,2** миң сомго көрсөтүлгөн кызматтарга абоненттерден акы төлөнгөн эмес (таштанды чыгаруу боюнча), ошону менен бирге бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде дебитордук карыз калдыгы катары чагылдырылган эмес, же жашырылган.

**Сунуштама:**

Көрсөтүлгөн кызматтар (таштанды чыгаруу боюнча) 469,2 миң сомго жашырылган дебитордук карыз бухгалтердик тийиштүү эсептеринде калыбына келтирилсин. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн" Эрежелерин талаптары аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мейманалиев Дж.

"**Сокулук коммуналдык ишканалар комбинаты"** ААК (уюштуруучусу Н. Крупская атындагы айыл өкмөтү)

2023-жылга Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, салык салынуучу кирешелер 7243,8 миң сомду түзгөн. Эсептен чыгарылууга тийиш болгон чыгашалар 7 532,7 миң сомду түзүп, Ишкана 2023-жылдын жыйынтыгы менен 288,9 миң сомго зыян тарткан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы, "Сокулук коммуналдык ишканалар комбинаты" ААК салык төлөмдөр боюнча жана социалдык эсептөөлөр боюнча милдеттемелер убагында аткарылбагандыгына байланыштуу, "Сокулук ККП" ААК тарабынан на **81,5 миң сом** суммасында финансылык санкциялар, туумдар жана айыптар төлөнгөн, жана 81,5 миң сом Ишкананын каржылык жоготуулары болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик жоготууларды алдын алуу максатында, "Сокулук ККП" ААК ишканасынын салык төлөмдөр боюнча жана социалдык эсептөөлөр боюнча милдеттемелери убагында аткарылышы камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай төлөмдөрсүз жана эсептешүүлөрсүз үлүштү көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга (үчүнчү этап) мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө" токтомунун 9-пунктун бузуу менен, калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдөрдү квитанциялардын жана кассалык аппараттын чектеринин негизинде накталай формада кабыл алат.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай төлөмдөрсүз жана эсептешүүлөрсүз үлүштү көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга (үчүнчү этап) мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө"токтомуна ылайык, накталай эмес төлөмдөрдө ар кандай формаларды жана инструменттерди колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн үзгүлтүксүз төлөмдөрдү төлөө мүмкүнчүлүгү камсыз кылынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө котрутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген" Типтүү тартипти бузуу менен, ТМБ сатып алуулар эсепке берүү жолу менен жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары товардык материалдык баалуулуктар жана кызматтарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 санындагы токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Таштандыларды жана саркынды сууларды чыгаруу үчүн юридикалык жактардын карызы 1 015,0 миң сомго чейин, коммуналдык кызматтар үчүн калктын карызы 523,8 миң сомго чейин өскөн.

**Сунуштама:**

Ишкананы кирешесин көбөйтүү максатында,уюмдардын жана калктын карыздарын өндүрүү боюнча жеткиликтүү иш чаралар көрүлсүн. Мындан ары, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн дебитордук карыздардын көбөйүшүнө жол берилбесин.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 31-декабрына карата баланстын маалыматтары боюнча ишкананын “Таза Сокулук” МИ тарабынан дебитордук карызы 438,3 миң сомду түзгөн. Бирок, 2023-жылдын март, апрель айларында аткарылган иштердин актылары 307,9 миң сомго (КТК жүктөө жана ташып чыгаруу үчүн) "Таза Сокулук" МИ тарабынан кол коюлган эмес, башкача айтканда 307,9 миң сом суммасындагы дебитордук карыз тастыкталган эмес.

**Сунуштама:**

“Сокулук коммуналдык ишканалар комбинаты” ААК алдындагы "Таза Сокулук" МИнин дебитордук карыздарынын калдыктарын тактап, аныктоо максатында, жогоруда көрсөтүлгөн мезгил аралыгында Сокулук айыл өкмөтүнүн аймагынан КТК жүктөө жана ташып чыгаруу боюнча аткарылган иштердин көлөмдөрү боюнча түзүлгөн актылар тариздселсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мейманалиев Дж.

**Новопавловка айыл өкмөтү**

2023-жылга чыгаша бөлүгү 204 278,8 миң сомго бекитилип, 330 107,8 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 245 924,4 миң сомду түзсө, накталай чыгашалар 97 916,8 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 2020-жылдын 1-январынан 2021-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына мурдагы шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча аныкталган **2 350,5 миң сом** калыбына келтирилген эмес (мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 1 672,3 миң сом; эсепке берме суммаларды кошкондо, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 678,2 миң сом).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын. 2 350,5 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 1 672,3 миң сом; эсепке берме суммаларды кошкондо, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 678,2 миң сом).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйруктары менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчетту жүргүзүү боюнча" жобосунун 312-пунктун бузуу менен, 2023-жылы жалпы 9 937,8 миң сомго ТМБ жана кызматтарды сатып алуу боюнча түзүлгөн келишимдердин алкагында, **9 937,8** миң сом (10% көп) толугу менен алдын ала төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктарды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууда, келишимдерин түзүүдө жана аткарууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду**:

Новопавловка айыл өкмөтү менен "Новопавловка коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасынын ортосундагы түзүлгөн салыштыруу актысында 6 155,8 миң сом Новопавловка коммуналдык ишканасынын дарегине которулган, ошону менен бирге 2023-жылы "Новопавловка коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасы тарабынан аткарылган жумуштар жөнүндө актылар тапшырылган эмес.

Новопавловка айыл өкмөтүнүн 2023-жылдык балансында "Новопавловка коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасынын дебитордук карызы болгону 4 613,4 миң сом эсепте болгон, же болбосо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйруктары менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосун бузу менен, "Новопавловка коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасынын **1 542,4** миң сомго дебитордук карызы бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде калдык катары чагылдырылган эмес, же жашырылган. Аудит учурунда бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, айыл өкмөтүнүн балансына дебитордук карыз катары эсепке алынган.

**Сунуштама**:

Аудит учурунда "Новопавловка коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасынын 1542,4 миң сомго дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду**:

2022-жылдын 28-мартындагы Сокулук район аралык соту тарабынан 1733,6 миң сом акча каражатын Новопавловка айыл өкмөтүнөн "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгына төлөнсүн деп чечимин чыгырган. Айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысынын түшүнүк катында 1 733,6 миң сом акча каражаты 2022-жылга чейин Новопавловка айыл аймагында ичүүчү суунун жетишпегендигине байланыштуу "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгы тарабынан айыл аймактын жашоочуларына берилген таза суу үчүн төлөм катары которулган, ошону менен бирге айыл аймактын жащоочуларынан сууга төлөм чогултулган эмес, же болбосо **1 733,6 миң сом** акча каражаты айыл өкмөтүнүн бюджеттик жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Мындан ары бюджеттик каражаттардын жоготуусун алдын ала болтурбоо үчүн, коммуналдык кызмат көрсөтүү ар бир абонент менен түзүлгөн келишимдердин негизинде аткарылсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы

бузуу менен, жылдын аягына карата **77,8 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду**:

Айылдык кенештин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №7/49 токтомуна ылайык, бюджеттик каражаттардын эсебинен бир балага тамак-ашка күнүнө - 18 сом чыгаша каралган, жана орто эсеп менен тамак аштын чыгашасы 2023-жылы 1 628,4 миң сомдон ашпашы керек эле, бирок иш жүзүндө тамак-аштын накталай чыгашасы 2 966,7 миң сомду түзгөн, же болбосо нормадан ашыкча чыгыша **1 338,3 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттардын эсебинен сатылып алынган тамак аштын чыгышталуусу айыл кеңештин бекиткен нормаларынан ашырылбасын. Тамак ашты чыгыштоо нормаларын бекитүүдө, тамак аштын баасынын кымбатташы эске алынсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду**:

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте “Новопавловка айылындагы жолдорду утурумдук оңдоо (гравировкалоо)" объектиси боюнча подрядчы "РусИсАзия" ЖЧКу тарабынан иштердин наркынын **146,1 миң сом** суммасында жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган “Новопавловка айылындагы жолдорду утурумдук оңдоо (гравировкалоо)" объектиси боюнча подрядчы "РусИсАзия" ЖЧКу тарабынан иштердин наркынын жогорулатылган 146,1 миң сом суммасын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Бердикеев Н., Мусуралиев А.

**“Новопавловка коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Новопавловка айыл өкмөтү)

2023-жылга киреше бөлүгүнө жалпысынан 44 260,1 миң сом түшкөн, анын ичинен: Новопавловка атындагы айыл өкмөтү тарабынан 19 048,0 миң сомго каржыланган, ишкананын аткарылган кызмат акыларынан жалпысынан 25 212,1 миң сом түшкөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелерин бузуу менен, Ишканада кызмат акылардан түшүүчү каражат боюнча, кирешелер жана чыгашалар боюнча, ошондой эле капиталдын кыймылы боюнча отчеттор аткарылган эмес, жана жергиликтүү салык органдарына тийиштүү отчеттор (декларация) түзүлгөн эмес, жана бухгалтердик эсептин абалы канааттандыраарлык эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелеринин талаптарына ылайык, жыл жыйынтыгы менен түзүлүүчү отчеттор аткарылсын. Бухгалтердик эсеп-кысаптын абалын укуктук ченемдик актылардын талаптарына жооп бергидей калыбына келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Бердикеев Н.

**Орок айыл өкмөтү**

2023-жылга чыгаша бөлүгү жалпы айыл өкмөт боюнча сметалык чыгымдар 14 016,0 миң сомго бекитилип, 28 132,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 20 845,1 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 19 256,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, 73,2 миң сомго КММ ченемден ашык сарпталышы.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 73,2 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (КММ ченемден ашык сарпталышы).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 1 кызматкер кабыл алынып, 2023-жыл ичинде **75,0 миң сом** төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 11,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пункту так жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п жана 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйруктары менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын туура эмес колдонуп, 3111 беренесинин элементтерин колдонулбастан, 2221 “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренеси аркылуу 2023- жылы айыл өкмөттүн чатыры 879,2 миң сомго алмаштырылган, түздөн-түз чыгымдарга алып барылып, негизсиз чыгышталган.

Аудит учурунда бухгалтердик эсеп-кысап счетторуна тийиштүү оңдоо жүгүртүүлөрү киргизилип, негизги каражаттардын балансалык баасына **879,2 миң сом** кошулган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда бухгалтердик эсеп-кысап счетторуна тийиштүү оңдоо жүгүртүүлөрү киргизилип, негизги каражаттардын балансалык баасына 879,2 миң сом кошулганы эске алынсын. Мындан ары, курулуш жана капиталдык оңдоп-түзөө жумуштарына кассалык чыгымдар сметасы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарына ылайык бекитилип, айыл өкмөттүн каражаттары тийиштүү беренелер аркылуу сарпталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **73,2 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-

жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Орок айыл өкмөтүнө тиешелүү жер тилкелеринин аянты так эмес жана укуктук документери жок экендиги аныкталган. Айыл өкмөтүнө тиешелүү жер тилкеси 22 форма боюнча 260,42 га, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба Министрлигине 129,37 га жер тилкеси өткөрүлүп берилген, жеке жактарга 1,43 га жер тилкеси өткөрүлүп берилген (түштүк магистралына алынган жердин ордуна), айырмасы 0,27 га жер тилкеси боюнча маалымат жок, же болбосо толук эмес.

**Сунуштама**:

Айыл өкмөттүн киреше бөлүгүнүн булактарын көбөйтүү максатында, айыл өкмөтүнө тиешелүү жерлерди тактап, аныктоо максатында, айыл аймагындагы жер тилкелер толугу менен инвентаризацияланып, укуктук документтери толукталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Орок айыл өкмөтүндөгү АЧЖМФ ижарага берүү келишимдеринин жалпы суммасы 1 жылга 1 039,2 миң сомду түзгөн, бирок мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүдөн 2023-жылы болгону 934,7 миң сом бюджетке түшкөн, же болбосо 2023-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардын карызы 104,5 миң сомду түзүп, киреше катары түшпөй калган.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Бердикеев

**Первомай айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 308,2 миң сомго бекитилген, 17 905,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 17 065,2 миң сомду түзгөн, накталай чыгашалар 12 243,8 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 174,1 миң сом калыбына келтирилген эмес (жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. 174,1 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын ичинде, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, Первомай айыл кеңешинин 2023-жылдын 12-декабрындагы № 11/42 токтому менен бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө 200,0 миң сомго өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жана айыл өкмөттүн карамагындагы жерлерди ижарага берүү менен келишимдер боюнча ижара акыларды төлөтүү талаптагыдай иш-чаралар болгон эмес. Анын жыйынтыгында жергиликтүү бюджет 2023-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча карыздары 1 581,5 миң сомго чейин өскөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Рысалиев А.

**“Ак-Ниет” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Первомай айыл өкмөтү)

2023-жылдын жыйынтык балансынын жана түшкөн пайда жана зыян жөнүндөгү отчетунун көрсөткүчтөрү боюнча, операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 1340,8 миң сомго барабар, ал эми операциялык ишмердүүлүктүн чыгымдары 1334,8 миң сом болуп, 6,0 миң сом пайда көрсөтүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Калктан ичүүчү сууга (адам башына 40 сомдон) планда 1338,5 миң сом каралган, факты боюнча аткарылганы 466,0 миң сом, жыйынтыгында 872,5 миң сомго кызмат көрсөтүү акылары төлөнгөн эме, же болбосо дебитордук карыз көбөйгөн.

Таштандыларды чыгаруу боюнча киреше 460,2 миң сом пландалган, факты боюнча аткарылганы 86,9 миң сом, жыйынтыгында 373,3 миң сомго кызмат көрсөтүү акылары төлөнгөн эмес, жана жыл башына караганда дебитордук карыздары өскөн.

**Сунуштама:**

“Ак-Ниет” муниципалдык ишканасынын жетекчилиги З.кайназарова атындагы айыл өкмөтү менен бирге ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча жана таштандыларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүдөн көбөйгөн дебитордук карыздарды өндүрүүгө чечкиндүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Рысалиев А.

**Саз айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 11 579,3 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 13 320,3 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 12 628,2 миң сомду түзүп, накталай чыгымдар 11 306,5 мин сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын башына АЧЖМФ жерлеринин ижарачылары менен түзүлгөн келишимдеринин суммасы 1 669,6 миң сом болгон, жана 2023-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшө турган план болгону 836,2 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **833,4 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүү жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен, 2023-жылы 2221 “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” жана 2222 “Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу” беренелери аркылуу **111,0**

**миң сомго** курулуш материалдары сатып алынып, бухгалтердик эсепке киргизилбестен, түздөн-түз чыгымдарга алып барылып чыгышталган. Аудит учурунда бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда 111,0 миң сомго сатылып алынган курулуш материалдары бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, материалдык баалулуктарды эсептен чыгарууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча ” Жобосунун талаптары аткарылсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **208,8 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Курманбеков Т.

**“Таза суу-Саз” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Саз айыл окмөтү)

2023-жылдын “Бирдиктүү салык декларация” көрсөткүчтөрү боюнча, операциалык ишмердүүлүктүн негизги киреше 1 550,7 миң сомго камсыздалган, ал эми операциалык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 1 551,1 миң сом болгон, же болбосо жылдын жыйынтыгы менен ишкана 0,4 миң сомго зыян тарткан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен ТМБ сатып алуулар **614,2 миң сомго** эсепке берүү жолу менен жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 санындагы токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Осмонов Ч.

**Сокулук айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 69 776,0 миң сомду түзгөн, жыл ичинде смета өзгөртүүлөр жана толуктоолордон кийин такталган план 116 527,2 миң сомго такталган. Кассалык чыгаша 107 818,9 миң сомго жүргүзүлгөн, накталай чыгымдар 45 139,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 4295,9 миң сом калыбына келтирилген эмес (жетпей калуу – 692,8 миң сом; материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларын кошкондо, акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 2 655,7 миң сом; курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 249,3 миң сом; эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 698,1 миң сом).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. 4295,9 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (жетпей калуу – 692,8 миң сом; материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларын кошкондо, акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 2 655,7 миң сом; курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 249,3 миң сом; эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 698,1 миң сом).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын башына АЧЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карызы 552,3 миң сомду түзгөн, келишимдеринин суммасы 988,9 миң сом болгон, жана 2023-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшө турган план болгону 988,9 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин кирешe бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **552,2 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижаралоо боюнча жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Туйтенов Н.

**“Таза Сокулук” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Сокулук айыл өкмөтү)

Киреше планы 9000,0 мин сомго бекитилген, ал эми аткарылышы 13 798,2 мин сомго камсыздалган, 2023-жылга жалпы чыгашасы 11 888,0 миң сомду түзүп, Жылдын жыйынтыгы менен таза киреше 1 910,2 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен ТМБ сатып алуулар **5 755,6 миң сомго** эсепке берүү жолу менен жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары товардык материалдык баалуулктар жана кызматтарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 санындагы токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Туйтенов

**“Сокулук Таза-Суу” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Сокулук айыл өкмөтү)

2023-жылдагы Кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык иштен 13 785,6 миң сом суммасындагы негизги киреше алынган, сатуу боюнча чыгашалар - 13 779,4 миң сомго аткарылып, жылдын жыйынтыгы менен 6,2 миң сомго таза киреше алган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн 2020-2021-жылдар мезгил аралыгына карата аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 213,2 миң сомдун 140,2 миң сому бүгүнкү күнгө чейин калыбына келтирилген эмес (негизсиз эсептен сыгарылган акча каражаттар).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн 2020-2021-жылдар мезгил аралыгына карата аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. 140,2 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (негизсиз эсептен чыгарылган акча каражаттар).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен ТМБ сатып алуулар **1 977,3 миң сомго** эсепке берүү жолу менен жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары товардык материалдык баалуулктар жана кызматтарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 санындагы токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Туйтенов Н.

**Төмөнкү-Чүй айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 484,7 миң сомго бекитилген, 18 299,1 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 14 605,4 миң сомду, накталай чыгашалар 13 560,3 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган Ж. Сабировду айыл өкмөтүнүн вакант болгон киреше боюнча башкы адистин милдетин аткаруучу кызматына кабыл алынган, жана ага **247,6 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фондго төлөмдөр 36,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесинин жана "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п жана 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйруктары менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын туура эмес колдонулуп, "Социалдык фондго төгүмдөр" 2121-беренеси боюнча которулууга тийиш болгон **50,0 миң сом**, 2111 "Эмгек акы" беренесинен коротулуп, максатсыз пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдаланууга жол берилбесин. Сметалык чыгымдарды актарууда, Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 312-пунктун бузуу менен, айыл өкмөтү менен "Инсерт" ЖЧК ортосунда жалпы 2274,0 миң сомго 2023-жылдын 15-ноябрындагы №62 түзүлгөн келишимге ылайык «Инсерт» ЖЧКнун дарегине **1100,0 миң сом** (10% жогору) алдын ала которулган, жана аудитке маалым болгондой, ушул күнгө чейин жумуштар аткарылган эмес (келишимдин шарттарында авансытык төлөмдөр каралган эмес).

**Сунуштама:**

«Инсерт» ЖЧКнун дарегине алдын ала которулган 1 100,0 миң сом суммасында дебитордук карызды жоюу боюнча таасирдүү чаралар көрүлсүн. Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктарды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууда, келишимдерин түзүүдө жана аткарууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптары жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **100,5 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык материалдык баалуулктардын калдыктарынын ашыкча болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Утурова А.

**“Дени сак улут” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Төмөнкү-Чүй айыл окмөтү)

2023-жылы калктан жана юридикалык жактардан ичүүчү суу үчүн жыйымдардан жана таштандыларды чыгаруудан түшкөн акча каражаттары 1186,5 миң сомду, муниципалдык заказды аткаруу үчүн айыл өкмөттөн түшкөн акча 1 535,1 миң сомду түзгөн, финансылык кирешелер бардыгы 2 721,6 миң сомду түзгөн, жана чыгашалар дагы 2 721,6 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин талаптарын бузуу менен, калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдү квитанциялардын негизинде накталай түрдө

кабыл алат. Ишкананын кассасына келип түшкөн акча каражаттары тейлөөчү банктын мекемелерине тапшырылбастан, чарбалык жана өндүрүштүк муктаждыктарга кассадан чыгымдалат.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай төлөмдөрсүз жана эсептешүүлөрсүз үлүштү көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга (үчүнчү этап) мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө"токтомуна ылайык, накталай эмес төлөмдөрдө ар кандай формаларды жана инструменттерди колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн үзгүлтүксүз төлөмдөрдү төлөө мүмкүнчүлүгү камсыз кылынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы Ишкананын кызматкерлерине (тизмеси түзүлгөн) кассадан накталай түрүндө аванс катары 74,9 миң сом төлөнгөн, бирок, 74,9 миң сомго айлык акы чегерилген эмес, ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн" Эрежелерин бузуу менен, кызматкерлерге ашыкча төлөнгөн **74,9 миң сом** айлык акылары дебитордук карыз катары бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде калдык катары чагылдырылган эмес, же жашырылган.

**Сунуштама:**

Кызматкерлердин (тизмеге ылайык) 74,9 миң сом айлык акылары боюнча дебитордук карыздары бухгалтердик эсеп кысаптын тийиштүү эсептеринде калыбына келтирилсин. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №609 токтому менен бекитилген "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн" Эрежелерин талаптары аткарылсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен 2023-жылы сатып алуу пландары түзүлгөн жана бекитилген эмес, ошондой эле ТМБ сатып алуулар **1 981,5 миң сомго** эсепке берүү жолу менен жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 санындагы токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" токтому менен бекиген Типтүү тартиптин талаптарына ылайык сатып алуу пландары түзүлүп, бекитилүүсү камсыздалсын, жана товардык материалдык баалуулктар жана кызматтарды сатып алуулар Типтүү тартиптин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Бухгалтердик эсеп негизинен каражаттардын сарпталышын, эсептешүүлөрдүн абалын, акча каражаттарынын жана материалдык баалуулуктардын сакталышын көзөмөлдөөнү камсыз кылат. Жыйынтыкталган бухгалтердик эсептин зарыл формалары толук көлөмдө жүргүзүлбөйт. Бухгалтердик эсеп канааттандырарлык эмес. Ишкананын эсеби автоматташтырылган эмес, программалык продуктулар колдонулбайт.

**Сунуштама:**

Каражаттардын чыгымдалышын, эсептөөлөрдүн абалын, акча каражаттарынын жана материалдык баалуулуктардын сакталышын контролдоону системалуу түрдө камсыз кылуу

максатында Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына шайкеш келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Утурова А.

**Төш-Булак айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 070,8 миң сомго бекитилген, 2023-жылдын ичинде 15 830,2 миң сомго такталган, Кассалык чыгымдар 15 389,8 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 11 890,2 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган Давлеткельдиев С.Н. айыл өкмөтүнүн вакант болгон кызматка негизсиз кабыл алынган, жана **18,7 миң сом** айлык акы чегерилген, анын ичинде Социалдык фондго 5,5 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесинин жана "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарын бузуу менен, 2023-жылдын аягына “Канатбек” дыйкан чарбасынын **14,9 миң сомго** дебитордук карызы бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде калдык катары чагылдырылган эмес, же жашырылган.

Аудит учурунда бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, айыл өкмөтүнүн балансына дебитордук карыз катары эсепке алынды.

**Сунуштама**:

Аудит учурунда “Каныбек” дыйкан чарбасынын 14,9 миң сомго дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Курманбеков Т.

**“Таза Төш-Булак” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Төш-Булак айыл өкмөтү)

2023-жылдын жылдык жыйынтыктоочу отчетунун көрсөткүчтөрү боюнча, операциалык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 1 167,0 миң сомго барабар, ал эми операциалык ишмердүүлүктүн чыгымдары 1 165,6 миң сом болуп, балanска ылайык дүң пайда табылган эмес.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен, эсепке берүү жолу менен **104,5 миң сомго** ТМБ жана кызматтарды сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, ТМБ жана кызматтарды сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекиген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин талаптары так аткарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 1-сентябрындагы Бабаев Ш.Т. менен "Палессе" комбайны ижара берүү тууралуу №10 келишимдин талаптары бузулуп, Бабаев Ш.Т. 100,0 миң сом ижара акысы убагында төлөнгөн эмес. Аудит учурунда ижарачы Бабаев Ш.Т.тарабынан ижара акысы катары 65,0 миң сом акча каражаты төгүлгөн.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда ижарачы Бабаев Ш.Т. тарабынан ижара катары 65,0 миң сом төгүлгөнү эске алынсын, жана калган 35,0 миң сом карыз өндүрүлсүн. Мындан ары ижарачы Бабаев Ш.Т.тарабынан ижара акысы убагында толугу менен төлөнүүсү камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Курманбеков Т.

**Фрунзе айыл өкмөтү**

Чыгаша бөлүгү 23 382,9 миң сомго бекитилген, 2023-жылдын ичинде 33 743,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 29 864,7 миң сомду түзүп, накталай чыгымдар 29 235,3 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Фрунзе айыл өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Каржы-кредит фондусунун ортосундагы түзүлгөн 2023-жылдын 3-февралындагы 08-222-869-01/5 санындагы "Сот чечимин ыктыярдуу аткаруу" жөнүндөгү келишимдин негизинде, 2023-жылы Фрунзе айыл өкмөтүнүн каражаттарынын эсебинен "БЧК Совхозный" суу пайдалануучулардын **1449,0 миң сом карызы** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Каржы-кредит фондусуна төлөнгөн жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджеттин жоготууларына жол берилбесин, бюджеттик жоготууларды калыбына келтирүү боюнча иш чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитетинин кирешесинин 1/3 бөлүгү, же **21,7 миң сом** жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Жайыт комитетинен мурда которулбаган **21,7 миң сом** өндүрүлсүн. Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелер Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарына ылайык толугу менен айыл өкмөттүн бюджетине төгүлүп, Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын ылайык Жайыт комитетин каржылоого, жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртууга пайдаланылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б.

**Шопоков шаарынын мэриясы**

Чыгаша бөлүктөр жалпы шаар боюнча сметалык чыгымдар 42 911,0 миң сомго бекитилип, 2023-жылдын ичинде 69 736,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 60 842,7 миң сомду түзгөн, ал эми накталай чыгымдар 48 966,9 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, Шопоков шаардык кенештин 2023-жылдын 27-ноябрындагы №139 (2 072,4 мин сом) жана 22-декабрындагы №143 токтомдору (7 930,0 мин сом) менен бюджетке өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Шопоков шаардык кенешинин 2022-жылдын 28-декабрындагы №80 токтому менен короо жанындагы участкаларды пайдалануучулардын жер салыгынын өлчөмү бир чарчы квадрат метрге 1,0 сомдон бекитилген жана анын негизинде эсептелген жер салыгынын түшө турган божомолу орто эсеп менен 1 083,3 мин сомду түзмөк, бирок ордуна, такталган план көрсөткүчү болгону 650,0 мин сомго белгиленген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз 433,3 миң сомго төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

Калктуу конуштун жерлеринин ижара акысынан 2023-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган дебиторлук карызы 53,1 миң сомду түзгөн, жана 2023-жылы 45 ижарачы менен 395,5 миң сомго келишим түзүлгөн, бирок 2023-жылдагы муниципалдык калктуу конуштун жерлеринин такталган план көрсөткүчү болгону 280,0 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз 168,6 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Муниципалдык имараттардын ижара акысынан 2 ижарачы менен 164,0 миң сомго келишим түзүлгөн, бирок 2023-жылга муниципалдык имараттардын ижара акысынын такталган план көрсөткүчү болгону 131,5 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз 32,5 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Жогоруда келтирилген киреше булактары боюнча айыл өкмөттүн бюджетинин киреше бөлүгүнүн планы негизсиз **634,4 миң сом**го төмөндөтүлүп бекитилген, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Муниципалдык менчиктерди, калктуу конуштардагы жерлерди ижаралоо боюнча, жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун, ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын, ошондой эле мүлк салыгынын бекитилген өлчөмдөрүн эске алуу менен түзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген «Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө» Типтүү жобонун бузуу менен, калктуу конуштун жерлеринин ижарага берүүдө, аукцион жана конкурс иш чаралары аткарылган эмес.

**Сунуштама**

Мындан ары, калктуу конуштун жерлеринин ижарага берүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген «Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө» Типтүү жобонун талаптары аткарылсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» Жобонун 4- пунктун бузуу менен, 2020-жылдын 1-январына карата депозиттик эсепте талап кылынбаган **182,1 мин сом** калдык 2023-жылдын 31-декабрына чейин эсепте калган.

**Сунуштама**

2020-жылдын 1-январына карата талап кылынбаган 182,1 мин сом депозиттик каражаттар тийиштүү бюджетке которулсун. Мындан ары, 3 жыл бою талап кылынбаган депозит каражаттары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» Жобонун 4 пунктуна ылайык бюджетке которулсун.

**5.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 37-беренесинин талаптарына ылайык жарандардын муниципалдык кызматта туруусунун чектөө курагы 65 жаш болгондугуна карабастан, Казымбеков Т. 65 жаштан өтүп, муниципалдык кызматта иштеп келген, жана Т. Казымбековго 2023-жылы чегерилгенн эмгек акынын суммасы **623,3 миң сом** айлык акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фондго төлөмдөр 91,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Муниципалдык кызматта туруусунун чектик курагы бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 37-беренеси жетекчилике алынсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Шопоков шаарынын мэриясы тарабынан “Айдос-Кут” ЖЧКдун дарегине 2021-жылдан баштап 2022-жылдын август айына чейин, 3 655,2 мин сом алдын ала төлөнгөн, бирок азыркы тапка чейин “Айдос-Кут” ЖЧКнун 3 655,2 миң сомго дебитордук карызы жабылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Талас жана Чүй областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн 2022-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы оңдоп түзөө курулуш иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, подрядчы «Айдос-Кут» ЖЧК тарабынан объектти тапшыруу мөөнөтүн бузгандыгы үчүн 187,9 мң сом өлчөмүндө туунду эсептелген, жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесин бузуу менен, 187,9 миң сом өндүрүлбөй келген.

**Сунуштама**

“Айдос-Кут” ЖЧКнун 3655,2 миң сом дебитордук карызын жана мурунку аудиттин жыйынтыгы менен эсептелген 187,9 миң сом туунду айыпты мажбурлап өндүрүү боюнча укук коргоо жана сот органдарына арыз-доо жиберилсин.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренесин бузуу менен, мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестри түзүлгөн эмес жана жүргүзүү тартиби жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруучу органдары тарабынан белгиленип, Шопоков шаардык кеңеш тарабынан бекитилген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренесинин талаптарына ылайык, муниципалдык менчик объекттеринин реестри түзүлсүн, жана шаардык кенеш тарабынан бекитүү иш чаралары аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Чымылдаков К.

**“Шопоков шаардык көрктөндүрүү комбинаты” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Шопоков шаарынын мэриясы)

2023-жылдын “Бирдиктүү салык декларация” көрсөткүчтөрү боюнча, операциалык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 16 186,0 миң сомго камсыздалган, ал эми операциалык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 19 622,4 миң сом болуп, 2023-жылдын жыйынтыгы менен 3 436,4 миң сомго зыян тарткан.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу

үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген Типтүү тартибин бузуу менен, сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун эрежелери иштелип чыккан эмес, ошондой эле аталган Типтүү тартипти бузуу менен, эсепке берүү жана которуу жолдору менен **6 356,7 миң сомго** ТМБ жана кызматтарды сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун эрежелери иштелип чыксын, жана ТМБ жана кызматтарды сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу " токтому менен бекитилген Типтүү тартиптин талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Чымылдаков К.

**“Шопоков жашыл чарба” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Шопоков шаарынын мэриясы).

2023-жылдын “Бирдиктүү салык декларация” көрсөткүчтөрү боюнча, операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 5726,7 миң сомго камсыздалган, ал эми операциалык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 5 726,7 миң сом болуп, дүң пайда табылган эмес.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкананын 2023 - жылдын жыйынтыгы боюнча “Түшкөн пайда жана зыян жөнүндөгү” отчетунун маалыматтары жана бирдиктүү салык декларациясындагы маалыматтар туура эмес болуп чыккан, жана 2023-жылдын жыйынтыгында Ишкана 2023-жылдын ичинде киреше катары 6 043,7 миң сом тапкан, ал эми кызмат көрсөтүүдөгү өздүк наркын баасы (чыгашалар) 5 853,4 миң сомду түзгөн, жана 2023-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 190,3 миң сомго таза киреше тапкан, же болбосо таза кирешеден төлөнүүчү 10% көлөмүндөгү **19,0 миң сом** салык төлөнбөй калган.

**Сунуштама:**

Шопоков жашыл чарба” МИ жетекчилиги, 2023- жылдын жыйынтыгы боюнча “Түшкөн пайда жана зыян жөнүндөгү” отчетун жана бирдиктүү салык декларациясын оңдоп, 190,3 миң сомго аткарылган таза кирешени киргизүү боюнча тийиштүү өзгөртүүлөрдү аткаруу камсыздалсын.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 210-беренесине ылайык, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 190,3 миң таза кирешенин 10 пайызы болгон **19,0 миң сомдук** таза киреше салыгы тийиштүү бюджетке төлөнсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген Типтүү тартибин бузуу менен, эсепке берүү жолу менен **3 821,7 миң сомго** ТМБ жана кызматтарды сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары ТМБ жана кызматтарды сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду

чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу " токтому менен бекитилген Типтүү тартиптин талаптары так аткарылсын.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилерде аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сокулук финансы башкармалыгы**

2023-жылга сметалык чыгымдар республикалык бюджеттен 5 396,7 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 7 443,2 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 6 940,3 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 6 476,8 миң сомго аткарылган.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Осмонов Ч.

**"Таза айыл үчүн" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Ат-Башы айыл өкмөтү)

Киреше бөлүгүнө жалпысынан 12 839,0 миң сом түшкөн, анын ичинен: Ат-Башы айыл өкмөтү тарабынан 7 154,7 миң сомго каржыланган, ошондой эле таштандыларды чыгаруу, калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууну алуу боюнча кызмат көрсөтүү акысы үчүн 4 837,4 миң сом жана юридикалык жактардан 846,9 миң сом түшкөн.

Ишкананын чыгаша бөлүгү жалпысынан 12 851,2 миң сомго сарпталган, же болбосо жыл жыйынтыгы менен 12,2 миң сом зыян тапкан.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кенешов Ш.

**Камышановка айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 9 534,1 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 12 701,5 миң сомго такталган, бюджеттин киреше бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы 12 986,0 миң сомду түзгөн, же болболсо план 102,21% сомго аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 534,1 миң сомго бекитилген, 12 701,5 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 7 751,8 миң сомду, накталай чыгымдар 6388,9 миң сомго аткарылган.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Карабаев Ж.

**"Таза Конок" муниципалдык ишканасы** (уюштурууучусу Кызыл-Туу айыл өкмөтү)

2023 -жылдын жыйынтык балансынын жана түшкөн пайда жана зыян жөнүндөгү форма №2 отчетунун көрсөткүчтөрү боюнча, операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 1 475,0 миң сом, ал эми операциялык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 1 475,0 миң сом, 607,9 миң сом зыян мененаяктаган.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мамытов Н.

**"Тазалык Сервис көрктөндүрүү комбинаты" муниципалдык ишканасы** (уюштурууучусу Фрунзе айыл өкмөтү)

2022-жылдагы Кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык иштен 3 253,4 миң сом негизги киреше алынган, чыгашалардын өздүк наркы 2 941,3 миң сом, жылдын жыйынтыгы боюнча Ишкана 339,1 миң сомго пайда тапкан.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**Бишкек шаары, Чүй жана Талас**
**областтары боюнча аймактык**
**бөлүмүнүн жетекчиси** **М.М. Калмуратов**